КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

А. Ж. Мырсабеков атындагы
ОШ МАМЛЕКЕТТИК
ПЕДАГОГИКАЛЫК
УНИВЕРСИТЕТИНИН
ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УЧЕНЫЙ СОВЕТ ОШСКОГО
ГОСУДАРСТВЕННОГО
ПЕДАГОГИЧЕСКОГО
УНИВЕРСИТЕТА
им. А. Ж. Мырсабекова

73, N.Isanov str. 714003, Osh
Fax:+ 996 (3222) 4-35-67
e-mail: ogpi.osh@mail.ru

Чыг/Исх. № 01-16/361
“30**”** 10 **2025-ж.**

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин
Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 8-декабрындагы
№ 2 протоколунан
Көчүрмө

4.Ар түрдүү маселелер:

4.2.УГУЛДУ:

4.2. Илимий техникалык кеңеш жөнүндөгү жобону бекитүү

4.2. ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Илимий-техникалык кеңеш жөнүндөгү жобо бекитилсин.
2. Илимий-техникалык кеңештин иштөө тартибин уюштуруу жана көзөмөлдөө илимий иштер боюнча проректор б.и.к., доцент Р. Абсатаровго жүктөлсүн.

КӨЧҮРМӨ АНЫК

Катчы: **ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

ИЛИМИЙ ТЕХНИКАЛЫК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

(2021-жылдын 8-декабрындагы № 2 протоколу менен бекитилген)

1. Жалпы жоболор

1.1. Илимий-техникалык кеңеш (мындан ары - ИТК) Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде туруктуу кеңеш берүүчү орган болуп саналат.

1.2. ИТК өз ишинде Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын, Университеттин Уставын, ушул Жобо жана башка эрежелерди жетекчиликке алат.

1.3. ИТК жөнүндө жобо Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилет.

1.4. ИТКнын курамы кафедра башчылардын жана илимий иштер боюнча проректордун сунуштары боюнча жаңы окуу жылына карата ректордун буйругу менен бекитилет.

1.5. ИТКнын компетенциясына кирген маселелер боюнча чыгарган чечимдери кеңеш берүүчү мүнөзгө ээ.

2. Максаты жана милдеттери

2.1. ИТКнын ишинин максаты илим жана техника чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырууга байланыштуу маселелерди карап чыгууда ишмердүүлүктү уюштуруу жана координациялоо болуп эсептелет. Университеттин кафедраларында жана башка бөлүмдөрүндө аткарылуучу илимий изилдөөлөрдүн жана инновациялык иштердин деңгээлдерин иштеп чыгуу жана жогорулатуу, жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды (илимдин докторлорун жана кандидаттарын) жана студенттердин илимий-изилдөө иштерин даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу эсептелет.

2.2. ИТКнын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ОшМПУнун окумуштуулары тарабынан илимдин жана техниканын артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгуу, илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө ЖОЖдук илимдин ролун жогорулатуу, университеттин интеллектуалдык жана илимий потенциалын натыйжалуу пайдаланууну камсыздоо.
- Илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүүнүн жана интеллектуалдык менчик менен иштөөнүн артыкчылыктуу багыттары боюнча изилдөөлөрдүн өнүгүүсүн камсыз кылуу;
- Изилдөө иштеринин пландоо жана уюштуруу формаларын өркүндөтүү;
- Университеттин илимий потенциалын сактоо боюнча сунуштарды жана иш чараларды иштеп чыгуу, жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды (илимдин докторлору жана кандидаттары) даярдоодо аларды өнүктүрүү;

- Университет менен илимий уюмдардын ортосундагы интеграциялык процесстерди илгерилетүү;
- Студенттердин илимий изилдөө иштерин өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
- Илимий изилдөөлөрдү маалыматтык камсыздоо боюнча сунуштарды жана иш чараларды иштеп чыгуу;
- Изилдөөнүн жыйынтыктарын окуу процессинде колдонуу боюнча сунуштарды даярдоо;
- Университетте жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жана ойлоп табуулардын (иштелмелердин) негизги жыйынтыктарын талдоо жана баалоо;
- Илимий-инновациялык структураларды түзүү жана кайра уюштуруу, илимий жабдууларды жаңыртуу боюнча сунуштарды даярдоо.

3. ИТКнын кызматы

3.1. Изилдөө иштерин оптималдаштыруу, жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган чараларды иштеп чыгуу;

3.2. Университеттин илимий ишин жүзөгө ашыруучу түзүмдүк бөлүмдөрдүн илимий жана инновациялык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү пландарын кароо жана бекитүү;

3.3. Кыргыз Республикасынын сыйлыктарына, эл аралык сыйлыктарга жана ардактуу наамдарды ыйгарууга көрсөтүлгөн материалдарды кароо;

3.4. Университеттин базасында өткөрүлүүчү илимий жана илимий техникалык иш чаралардын планын түзүү боюнча сунуштарды кароо;

3.5. Университеттин рейтингин түзүү үчүн университеттин профессордук-окутуучулук курамынын жана структуралык бөлүмдөрүнүн илимий-инновациялык ишмердүүлүгүнүн баалоо критерийлери жана көрсөткүчтөрү боюнча сунуштарды кароо.

4. ИТКнын ыйгарым укуктары

4.1. Өзүнүн компетенциясынын чегинде Университеттин илимий жана инновациялык программаларын ишке ашыруу боюнча ишин уюштурууга, координациялоого жана өркүндөтүүгө тиешелүү чечимдерди кабыл алуу;

4.2. Илимий жана илимий-уюштуруучулук иш үчүн кафедралардан, факультеттерден керектүү материалдарды талап кылуу жана алуу;

4.3. Илимий материалдарга жана долбоорлорго экспертиза жүргүзүү, маселелерди иликтөө үчүн жумушчу топторду, комиссияларды түзүү;

4.4. ИТКнын ишине катышуу үчүн жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн, кафедралардын илимий-педагогикалык кызматкерлерин, илимий темалардын жана долбоорлордун жетекчилерин чакыруу;

5. ИТКнын иш тартиби

5.1. ИТК өз отурумдарын зарылдыгына жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес өткөрөт;
5.2. Илимий -техникалык кеңештин жыйналыштары ачык өткөрүлөт, зарыл болгон учурда аларга университеттин бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү, ошондой эле башка уюмдардын өкүлдөрү да чакырылышы мүмкүн;
5.3. Эгерде ИТКнын мүчөлөрүнүн тизмесинин жок дегенде жарымы жыйынга катышса, ИКТ өз ыйгарым укуктарынын чегинде чечим кабыл алат;
5.4. Чечимдер ачык добуш берүү аркылуу көпчүлүк добуш менен кабыл алынат;
5.5. НТСтин чечимдери протокол менен таризделет, ага төрага менен катчы кол коюшат;
5.6. Керек болгон учурда ИКТнын отурумунун протоколунан көчүрмө берилет;
5.7. Илимий-техникалык кеңештин катчысы жыйындарды өткөрүүнү даярдайт. Жыйындардын протоколун 5 жыл бою сактоону уюштурат. Протоколдорду номерлөө календардык жылдын башынан №1 ден башталат;
5.8. ИТКнын төрагасы жана (же) төраганын орун басарлары ИТКнын чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөөнү уюштурушат жана кийинки отурумдарда алардын аткарылышы жөнүндө ИТКнын мүчөлөрүнө маалымат беришет;
5.9. ИТКга жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн анын төрагасы университеттин окутуучуларынан жана илимий кызматкерлеринен, ошондой эле башка кызыкдар уюмдардан, чыгармачыл жамааттардан убактылуу же туруктуу иштеген жумушчу топторун, комиссияларды түзүүгө укуктуу.

6. Корутунду

6.1. Бул Жобо ОшМПУнун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет;
6.2. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор университеттин Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен киргизилет

Положение о Научно-техническом совете

1. Общие положения

1.1. Научно-технический совет (далее – **НТС**) является постоянно действующим консультативным органом Ошского государственного педагогического университета.
1.2. В своей деятельности НТС руководствуется нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, Уставом университета, настоящим Положением и другими регламентирующими документами.
1.3. Положение о НТС утверждается решением Учёного совета.
1.4. Состав НТС утверждается приказом ректора на новый учебный год по представлению заведующих кафедрами и проректора по научной работе.
1.5. Принятые НТС решения по вопросам, входящим в его компетенцию, носят рекомендательный характер.

2. Цели и задачи

2.1. Цель деятельности НТС – организация и координация работы при рассмотрении вопросов, связанных с реализацией государственной политики в области науки и техники; разработка и повышение уровня научных исследований и инновационной деятельности кафедр и других структурных подразделений университета, повышение эффективности подготовки высококвалифицированных научно-педагогических кадров (докторов и кандидатов наук), а также эффективности научно-исследовательской работы студентов.
2.2. Основными задачами НТС являются:

- разработка приоритетных направлений развития науки и техники учёными ОшГПУ, повышение роли вузовской науки в ускорении научно-технического прогресса и обеспечение эффективного использования интеллектуального и научного потенциала университета;
- обеспечение развития исследований по приоритетным направлениям научной деятельности и в сфере интеллектуальной собственности;
- совершенствование форм планирования и организации научно-исследовательской работы;
- разработка предложений и мероприятий по сохранению научного потенциала университета и развитию подготовки высококвалифицированных научно-педагогических кадров (докторов и кандидатов наук);
- содействие интеграционным процессам между университетом и научными организациями;
- содействие развитию научно-исследовательской работы студентов;

- разработка предложений и мероприятий по информационному обеспечению научных исследований;
- подготовка рекомендаций по использованию результатов исследований в учебном процессе;
- анализ и оценка основных результатов научных исследований и изобретений (разработок), проводимых в университете;
- подготовка предложений по созданию и реорганизации научно-инновационных структур, обновлению научного оборудования.

3. Функции НТС

3.1. Разработка мер по оптимизации научно-исследовательской работы, повышению её эффективности и результативности;
3.2. Рассмотрение и утверждение планов развития научной и инновационной деятельности структурных подразделений университета;
3.3. Рассмотрение материалов, представляемых к государственным, международным премиям и почётным званиям Кыргызской Республики;
3.4. Рассмотрение предложений по формированию плана научных и научно-технических мероприятий, проводимых на базе университета;
3.5. Рассмотрение предложений по критериям и показателям оценки научно-инновационной деятельности профессорско-преподавательского состава и структурных подразделений университета для формирования рейтинга университета.

4. Полномочия НТС

4.1. В пределах своей компетенции принимать решения, связанные с организацией, координацией и совершенствованием работы по реализации научных и инновационных программ университета;
4.2. Запрашивать и получать от кафедр и факультетов необходимые материалы, касающиеся научной и научно-организационной деятельности;
4.3. Проводить экспертизу научных материалов и проектов, создавать рабочие группы и комиссии для изучения вопросов;
4.4. Приглашать к участию в работе НТС представителей работодателей, научно-педагогических работников кафедр, руководителей научных тем и проектов.

5. Порядок работы НТС

5.1. Заседания НТС проводятся по мере необходимости, но не реже одного раза в квартал;
5.2. Заседания НТС проводятся открыто; при необходимости на них могут приглашаться представители подразделений университета и других организаций;
5.3. НТС считается правомочным принимать решения, если на заседании

присутствует не менее половины его членов;
5.4. Решения принимаются открытым голосованием простым большинством голосов;
5.5. Решения НТС оформляются протоколом, который подписывают председатель и секретарь;
5.6. При необходимости выдаются выписки из протокола заседания НТС;
5.7. Секретарь НТС подготавливает проведение заседаний и организует хранение протоколов сроком 5 лет. Нумерация протоколов начинается с №1 в начале календарного года;
5.8. Председатель НТС и (или) его заместители организуют контроль за выполнением решений НТС и информируют членов совета об их исполнении на последующих заседаниях;
5.9. Для выполнения возложенных на НТС задач его председатель имеет право создавать временные или постоянно действующие рабочие группы и комиссии из числа преподавателей и научных сотрудников университета, а также представителей заинтересованных организаций и творческих коллективов.

6. Заключительные положения

6.1. Настоящее Положение вступает в силу с момента утверждения Учёным советом ОшГПУ;
6.2. Изменения и дополнения в Положение вносятся решением Учёного совета университета.

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги
А. Ж. Мырсабеков атындагы
Ош мамлекеттик педагогикалык
университети

Министерство образования
и науки Кыргызской Республики
Ошский государственный
педагогический университет
им. А. Ж. Мырсабекова

Буйрук

2025-жылдын 5-февралы **№ 07-02. 31 §1** **Ош шаары**

Комиссия курамын түзүү жөнүндө

БУЙРУК КЫЛАМЫН

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин 2025-окуу жылы үчүн илимий техникалык кеңеши төмөнкү курамда **бекитилсин:**

Илимий техникалык кеңештин төрагасы:
1. Абсатаров Р. Р.- илимий иштер боюнча проректор, биология илимдеринин кандидаты

Мүчөлөрү:
2. Бабеков А. У. – химия илимдеринин кандидаты, профессор
3. Топчубаев А. Б. – география илимдеринин доктору, профессор
4. Абылов Р. А. – экономика илимдеринин кандидаты
5. Сагынбай кызы Н. – тарых илимдеринин кандидаты, доцент
6. Арынбаев Э. К. – педагогика илимдеринин кандидаты
7. Куйчиев А. С. - техника илимдеринин кандидаты, доцент
8. Касымбеков Э. А. – педгогика илимдеринин кандидаты, доцент
9. Келдибай кызы М.– филология илимдеринин кандидаты, доцент

Илимий техникалык кеңештин катчысы:
10. Койлубаева Э. Ы.– жалпы бөлүмдүн иш кагаз жүргүзүүчүсү

Негизи: Илимий иштер боюнча проректор Р. Абсатаровдун билдирмеси

ОшМПУнун ректору,п.и.д.,профессор **Зулуев Б.Б.**